КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезектеги он үчүнчү сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 15-июлу № 36 Кара-Мык айылы

Жекенди айылдык аймагына караштуу "Чек" участкасынан №1760 жайыт, №1756 таштуу жайыт контурларынан 17,7 га жана "Жекенди талаасы" участкасынан №1956 контурунан 49,0 га "таштуу жайыт" жерлерин бир категориядан экинчи категорияга которуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 4-ноябрь № 665 Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү жобону бекитүү тууралуу токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34-39-беренесине ылайык, Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловдун Жекенди айылдык аймагына караштуу "Чек" участкасынан №1760 жайыт, №1756 таштуу жайыт контурларынан 17,7 га жана "Жекенди талаасы" участкасынан №1956 контурунан 49,0 га "таштуу жайыт" жерлерини, "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясында турган жалпы 66,7 га жайыт жер аянтын "Калтуу конуш (шаар тибиндеги поселоктордун жана айылдык калктуу кошуштардын) жерлери" категориясына которууга (трасформациялоого) макулдук берүү жөнүндөгү сунушун угуп жана талкуулап, Жекенди айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жекенди айылдык аймагына караштуу "Чек" участкасынан №1760 жайыт, №1756 таштуу жайыт контурларынан 17,7 га жана "Жекенди талаасы" участкасынан №1956 контурунан 49,0 га "таштуу жайыт" жерлерини, "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясында турган жалпы 66,7 га жайыт жер аянтын "Калтуу конуш (шаар тибиндеги поселоктордун жана айылдык калктуу кошуштардын) жерлери" категориясына которууга (трасформациялоого) макулдук берилсин.

2.Тийиштүү документтерди бүтүрүп, Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрациясына сунуш берүү жагы Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы Жекенди айылдык кеңешинин агрардык маселелер, азык-түлүк жана экология, жер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Зикир уулу Мухамеддыканга тапшырылсын.

Төрага **А.Амирбеков**